Март-2000

# ЖЕР ХАРТИЯСЫ

## КИРИШМЕ

Биз адамзат өз келечегин тандай турган жер тарыхынын кыйын кезең этабында турабыз. Дүйнө өзү бири-биринен өтө көз каранды абалда бошоң тартып баратат, ал эми келечек бир мезгилде эле чоң коркунучка кириптер болор босогодо турса, ошол эле мезгилде чоң перспективаларга да кеңири жол ачууда. Алга умтулуу үчүн биз маданий түрдүүлүктөрдүн бардык артыкчылыгы жана жашоо мүнөзү – бирдиктүү адамзат үй-бүлөсү, ошондой эле Жердин тагдырына тамырлаш коомчулугу экенибизди аңдашыбыз керек. Биз табият менен таттуу мамиледе болгон, адамзаттын жалпы укуктарына, экономикалык адилеттүүлүк жана дүйнө маданиятына негизделген туруктуу глобалдык коомчулукту түзүү үчүн бир муштумдай биригүүбүз зарыл. Мындай иш-аракеттерде биз, Жер адамдары, бири-бирибиздин алдыбыздагы, коомчулуктун, жана келечек муундун алдындагы жоопкерчилигибизди олуттуу сезип аны жар салганыбыз өтө маанилүү.

### Жер, биздин үй

Адамзат чексиз эволюциялык ааламдын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Биздин үйүбүз болгон Жер эне өзүнө сейрек кездешүүчү жашоо жалпылыгын камтыйт. Табият күчү жашоону тобокелчил жана ишенимсиз кылат, бирок Жер жашоо эволюциясы үчүн зарыл болгон табигый шарттарды камтыйт. Жан-жаныбарлар коомчулугунун туруктуулугу жана адамзаттын бакыбаттуулугу бүтүндөй экосистемасы менен көп түрдүү өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды, жер кыртышын, таза сууну жана таза аба менен таза биосфераны сактоого байланыштуу. Чектелген ресурстуу глобалдык айлана-чөйрө бардык адамдар көрө турган жалпы камкордук болуп саналат. Жашоого ыңгайлуу шартты, көп түрдүүлүктү жана Жер сулуулугун сактоо ыйык милдет болуп эсептелет.

### Глобалдык кырдаал

Өнөржайдын жана керектөөнүн үстөмдүк кылуусу айлана-чөйрөнү булгап, ресурстардын жабыркашына жана жалпы жаратылыштын көзгө комсоо көрүнүшүнө алып келет. Коомчулук урап баратат. Өнүгүүнүн кирешеси адилетсиз бөлүнүп, жакырлар менен байлардын ажырымы өсүп баратат. Адилетсиздик, жакырчылык, наадандык жана куралдуу күч менен каршылашуу кеңири жайылып, жалпы журтту жабыр тарттырууда. Калк санынын болуп көрбөгөндөй өсүшү социалдык жана экологиялык системанын жапа чегүүсүнө алып келүүдө. Глобалдык коопсуздук негиздери коркунуч алдында. Бул тенденция кооптуу – бирок бул болбой да койбойт.

### Келечектин чакырыгы

Бизде мындай жол бар: Жер жөнүндө жана бири-бирибиз жөнүндө кам көрүш үчүн глобалдуу өнөктөштүктү түзүү керек же өзүбүздөн-өзүбүз урай турган жана жашоонун көп кырдуулугун урата турган тобокелчиликке барышыбыз керек. Биздин баалуулук системабызга, институттарга жана жашоо мүнөзүбүзгө фундаменталдуу өзгөртүүлөрдү киргизүүбүз керек. Биз негизги керектөөлөрүбүздү канааттандырганда адам өнүгүүсү ириде кантип байууну эмес, кантип жан сактоону ойлоп калаарын аңдашыбыз керек. Биз бүткүл адамзаттын талаптарын канааттандыра турган жана айлана чөйрөгө тийгизген таасирибизди азайтуу үчүн жетиштүү билимге жана технологияларга эгедербиз. Глобалдык жаран коому демократиялык жана гумандуу дүйнөнү куруусу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүсү зарыл. Биздин экологиялык, экономикалык, саясий, социалдык жана руханий көйгөйлөрүбүз өз ара тыгыз байланышкан жана биз мындан чыгуу үчүн бирдиктүү иштеп, комплекстүү чечимдерди аткарышыбыз керек.

### *Жалпы жоопкерчилик*

Бул иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн биз өзүбүздү бүткүл дүйнөлүк коомчулук менен жергиликтүү коомчулуктун өкүлү катары жалпы жоопкерчиликти сезе билген чечимдерди кабыл алышыбыз керек. Биз бир эле мезгилде ар түрдүү улуттун жана чектелген дагы, глобалдык жактан дагы өз ара тыгыз байланышта болгон бирдиктүү дүйнөнүн жараны болуп саналабыз. Ар бир адам азыркы жана келечектеги адамзат жыргалчылыгы жана бүтүндөй жандуу дүйнө үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрөт. Эгер биз жаратылыш кереметтерине астейдил мамиле кылып, табияттагы адамдын өз ордуна ылайык буюрган ырыскыга ыраазычылык менен жашасак, адамзат тилектештигинин духу жана тууганчылыгы бардык жандыктар менен тыгыз карым катышта болот.

Биз дүйнөлүк коомчулуктун калыптануусу үчүн этикалык базаны камсыз кылган негизги баалуулуктарды көрө билишибиз керек. Ошондуктан, биз бирдиктүү үмүт менен төмөндөгү бардык жеке адамдардын, уюмдардын, иш чөйрөлөрүнүн, өкмөттөрдүн жана улуттар аралык институттардын жүрүм-турумун жетектеген жана баалаган жалпы стандарттар катарында туруктуу жашоо мүнөзүнүн өз ара байланышкан принциптерин бекитебиз.

## ПРИНЦИПТЕР

### I. ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР КООМЧУЛУГУН УРМАТТОО ЖАНА АГА КАМ КӨРҮҮ

**1. *Жерди жана анын көп кырдуу жашоосуна бардык жагынан урмат көрсөтүү***

a. Бардык тирүү жандыктар өз ара карым катышта жана алардын жашоо формасы адамдар үчүн канчалык мааниге ээ экенине карабастан өтө баалуу экендигин таануу.

b. Ар бир инсандын ажырагыс ишенимин жана интеллектуалдык, көркөм, этикалык ошондой эле адамзаттын руханий потенциалын белгилөө.

**2. *Коомчулук жөнүндө түшүнүүчүлүк, боорукердик жана сүйүү менен кам көрүү***

a. Биргеликте жаратылыш байлыктарына ээлик кылуу, башкаруу жана пайдалануу укугуна ээ болуп, айлана чөйрөгө зыян келтирүүнүн алдын алуу милдетин алып жана адамдардын укугун коргоого жетишээрибизди таануу.

b. Эркиндик, билим жана мүмкүнчүлүктөрдүн өсүшү менен жалпы тирүү жандын жыргалчылыгына таасир тийгизүү жоопкерчилиги өсөөрүн белгилөө керек.

**3. *Адилет, социалдык жактан бириккен, туруктуу жана тынч демократиялык коомчулукту куруу.***

a. Бардык деңгээлдеги коомдор адам укугун жана негизги эркиндиктерди, ошондой эле ар бир адамга өз потенциалын жүзөгө ашырууга толук мүмкүнчүлүк берүүсүн кепилдикке алышын камсыздоо.

b. Бардыгына жашоо үчүн экологиялык жоопкерчиликти сактоо менен ишенимдүү жана маанилүү каражаттарга жетүүгө мүмкүнчүлүк берген социалдык жана экономикалык адилеттүүлүккө таасир тийгизүү.

**4. *Жердин берешендигин жана сулуулугун азыркы жана келечек муун үчүн сактоо***

a. Ар бир муундун кыймыл эркиндиги келечек муундун талабына ылайык аныкталаарын таануу.



b. Келечек муунга адамзаттын жана Жердин экологиялык коомчулугунун гүлдөп өсүшүнүн узак мөөнөттүү перспективасын колдогон баалуулуктарды, салттарды жана институттарды берүү.

**Бул төрт негизги милдетти ишке ашыруу үчүн төмөндөгүлөр зарыл:**

### II. ЭКОЛОГИЯЛЫК БҮТҮНДҮК

**5. *Биологиялык ар түрдүүлүккө жана туруктуу жашоону камсыз кылган табият процесстерине өзгөчө көңүл буруп, Жер системасынын экологиялык бүтүндүүлүгүн сактоо жана калыбына келтирүү.***

a. Айлана-чөйрөнү сактоо жана калыбына келтирүү, өнүгүү боюнча бардык демилгелерге ылайык туруктуу өнүгүүнүн бардык деңгээлдеги пландарын жана ченемдерин өздөштүрүү керек.

b. Жер жашоосунун системасын коргоо, биотүрдүүлүктү колдоо жана биздин табият мурастарыбызды сактоо үчүн иштетилбеген жерлерди жана акваторияларды кошуп, жашоого ылайыкталган жаратылыш жана биосфера коруктарын түзүү жана сактоо.

c. Коркунуч туулган жаратылыш түрлөрүнө жана экосистеманы калыбына келтирүүгө таасир тийгизүү.

d. Табигый түрлөргө жана айлана-чөйрөгө зыян келтирген бөтөн же генетикалык жактан өзгөртүлгөн организмдерди көзөмөлдөө жана жок кылуу, ошондой эле ушул сыяктуу зыян келтире турган организмдердин киришин алдын алуу.

e. Суу, жер кыртышы, токой продукциясы, деңиз жаныбарлары сыяктуу жаңылануучу ресурстарды алар кайра калыбына келгенче үстөккө-босток кылбай жана экосистема тазалыгын сактоо менен пайдалануу аркылуу башкаруу.

f. Кендерди жана орду толгус ресурстарды – пайдалуу кендерди жана күйүүчү майларды алардын түгөнүүсүнүн эң төмөн чегине жеткирип, ошол эле мезгилде айлана-чөйрөгө олуттуу зыян келтирбей пайдалануу менен башкаруу.

**6. *Айлана чөйрөгө боло турган зыянды алдын алууну экологиялык коргоонун эң мыкты ыкмасы катары тажрыйбалоо жана билим чектүү болуп, маалымат жетишпей турган убакта сактык жолун тандоо***

a. Айлана чөйрөгө келтирилүүчү олуттуу жана кайра орду толгус зыяндардын алдын алуу үчүн, эгер илим дагы али толук жана акыркы маалыматтарды бербесе да тиешелүү чараларды көрүү.

b. Сунуштаган ишмердүүлүк эч кандай зыян келтирбейт деген тарапка далил келтирүү жүгүн жүктөө керек жана демилге көтөргөн тарапты айлана чөйрөгө жооптуу деп табуу.

c. Чечим кабыл алууда адамзат ишмердүүлүгүнүн топтолмо, узак мөөнөттүү, алыстатылган жана глобалдык натыйжаларын эске алынуусун камсыздоо.

d. Айлана чөйрөнүн ар бир бөлүгүн булгануудан сактап, радиоактивдүү, уулуу же башка ушул өңдүү заттардын топтолуусуна жол бербөө.

e. Айлана чөйрөгө чоң зыян алып келе турган согуш аракеттеринен качуу.

***7. Жер мүмкүнчүлүктөрүн калыбына келтирүүсүн сактоону кепилдеген, адам укуктарын жана коомдун жыргалчылыгын сактаган өндүрүш, керектөө жана кайра иштетүү түзүмдөрүн өздөштүрүү.***

a. Өндүрүштө жана керектөөлөрдө кайра иштетүү жана кайрадан пайдаланылуучу материалдарды эң төмөн чегине жеткирип, алардан чыккан калдыктар экосистема тарабынан өздөштүрүлүшүн камсыздоо.

b. Электр энергиясын күн жана шамал сыяктуу калыбына келтирүүчү энергияларды колдонуу аркылуу үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу.

c. Экологиялык алгылыктуу технологияларды өнүктүрүү, жайылтуу жана адилеттүү өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берүү.

d. Сатуу бааларындагы товарлардын жана кызматтардын экологиялык жана социалдык наркын толук интерналдаштыруу жана кардарга жогорку экологиялык жаан социалдык стандарттарга тиешелүү азыктарды бирдейлештирүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

e. Тукум улоо саламаттыгын камсыз кылган жана кайра өндүрүүнү жөнгө салган саламаттык сактоого жалпыга жеткиликтүү болуусун кепилдөө.

f. Жашоого өзгөчө маани жана тиешелүү деңгээлде материалдык жетишкендикти берген жашоо мүнөзүн өздөштүрүү.



***8. Экологиялык туруктуулукту үйрөнүүнү өнүктүрүү жана өздөштүрүлгөн билимди ачык алмашууга жана кеңири колдонууга мүмкүнчүлүк түзүү.***

a. Туруктуулук чөйрөсүндөгү эларалык илимий жана техникалык кызматташтыкты, өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөсүнө өзгөчө маани берип колдоо.

b. Айлана чөйрөнү коргоого жана адамзат бакыбаттуулугуна салым кошкон салттуу билимдерди жана бардык маданияттагы руханий акылмандуулукту таануу жана сактоо.

c. Адам денсоолугу айлана чөйрө үчүн өтө маанилүү маалыматты генетикалык маселелерди кошо камсыз кылуу жалпы энчибиз болуп калды.

## III. СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК АДИЛЕТТҮҮЛҮК

***9. Жакырчылыкты этикалык, социалдык жана экологиялык терс көрүнүш катары жокко чыгаруу.***

a. Адам укугун таза сууга, таза абага, азык-түлүк коопсуздугуна, булганбаган жер кыртышына, туракжайга жана коопсуз санитардык шарттарга улуттук жана эларалык зарыл ресурстарды бөлүп кепилдикке алуу.

b. Бардык адамдардын билим алуусун жана жашоого туруктуу каражаттарды камсыздоо үчүн зарыл ресурстарга жетүүсүн кепилдикке алуу, өзүн-өзү камсыздай албагандарга социалдык коргоо жана коопсуздук тармактарын караштыруу.

c. Катардан чыккан, майып адамдарга мүмкүнчүлүк түзүп, өздөрүнүн жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө жана аракет кылуусуна жардам берүү.

***10. Экономикалык ишмердүүлүк жана институттар адамзаттын адилет жана туруктуу мүнөз менен өнүгүүсүн бардык деңгээлде колдоосун кепилдикке алуу.***

a. Улут ичиндеги эларалык байлыкты адилет бөлүштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүү.

b. Элдерди алга сүрөгөн интеллектуалдык, каржылык, техникалык жана социалдык ресурстарды күчөтүү жана аларды түйшүк тарттыруучу эларалык карыздардан кутултуу.

c. Соода ресурстарын туруктуу пайдаланууга, айлана чөйрөнү коргоого жана алдыңкы эмгек стандарттарына жардам берүүсүн кепилдөө.

d. Улуттар аралык жана эларалык каржы уюмдарынан коомчулук кызыкчылыгы үчүн «таза» ишмердүүлүктү, өндүрүш иш-аракеттеринин натыйжасында алардын жоопкерчилигин кошо талап кылуу.

***11. Гендердик теңчиликти жана адилеттүүлүктү туруктуу өнүгүүнүн туткасы катары белгилөө жана билим алууга, саламаттык сактоого жана экономикалык мүмкүнчүлүктөргө жалпы мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.***

a. Аялдардын жана кыздардын укугун камсыз кылуу жана аларга болгон ар кандай зомбулуктарды жоюу.

b. Аялдардын экономикалык, саясий, жарандык, социалдык жана маданий жашоонун бардык чөйрөлөрүнө толук укуктуу өнөк, чечим кабыл алуучу адам, лидер жана бенефициар катары жигердүү катышуусуна жардам берүү.

c. Үй-бүлөнү бекемдөө жана анын коопсуздугун сактоо, ошондой эле үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө сүйүү арнап тарбия берүү.

***12. Бардык адамдардын укуктарын чектөөсүз, табияттык жана социалдык чөйрөдө алардын кадыр-баркын көтөрүү менен, дене соолугун жана руханий байлыкты, түпкүлүктүү элге жана азчылыкка өзгөчө көңүл буруу менен коргоо.***

a. Өңү-түсү, сексуалдык багыты, расалык, жыныстык, диний , тилдик, улуттук, этникалык жана социалдык белгилери боюнча чектөөлөр сыяктуу чектөөнүн бардык түрлөрүн жокко чыгаруу.

b. Түпкүлүктүү элдин өздүк руханий башталышына, билимине, жерине, ресурстарына жана жашоо ишмердүүлүгүнүн салттуу туруктуу үлгүлөрүнө укугун белгилөө.

c. Улуттук коопсуздук системасын чагымчылыкты жок кылуу деңгээлине чейин аскерлешүүдөн арылтуу жана аскер күчтөрүн экологиялык калыбына келтирүүчүлүктү кошо тынчтык максаттарына буруу керек.

d. Ядролук, биологиялык, химиялык жана башка массалык жок кылуучу куралдардын түрлөрүн жоюу.

e. Орбиталык жана космостук мейкиндикти пайдалануу айлана-чөйрөнү жана дүйнө жүзүн коргоого жардам берүүсүн камсыздоо.

f. Дүйнө - бул адилеттүүлүк менен өзүнө, башка элдерге, башка маданиятка, башка жашоого, Жерге жана бир бөлүгү биз болуп саналган бүтүндөй жалпылыкка багытталган ажырагыс бүтүндүк экенин аңдап, түшүнүү.

## АЛГА КАРАЙ ЖОЛ

Баарыбыздын тагдырыбыз бизден тарыхта эзели болуп көрбөгөндөй жаңы башталышты издөөгө чакырык таштап турат. Мындай жаңылануулну бизге Жер Хартиясы убада кылат. Бул перспективага жетишүү үчүн биз Жер Хартиясынын баалуулуктарын жана идеалдарын колдонууга жана колдоого милдеттенме алышыбыз керек.

Бул ой жүгүртүүнү жана руханий өзгөрүүнү талап кылат. Бул глобалдык өз ара байланышты жана жалпы жоопкерчиликти жаңыча аңдап түшүнүүнү талап кылат. Биз жергиликтүү, улуттук, аймактык жана глобалдык деңгээлдердеги туруктуу жашоо мүнөзүнүн дүйнөтааным концепциясын чыгармачылык менен өнүктүрүү жана колдонуубуз керек. Биздин маданий ар түрдүүлүгүбүз баа жеткис мурас болуп саналат жана ар кандай маданияттар бул дүйнөтаанымды жүзөгө ашыруу үчүн өздөрүнүн өзгөчө жолун табат. Биз Жер Хартиясы демилгелеген глобалдык диалогду тереңдетип жана кеңейтишибиз керек, анткени биздин көпчүлүгүбүзгө биргелешип изденүүдөн акыйкаттыкты жана акылмандыкты үйрөнүү милдети турат.

Жашоодо маанилүү болгон баалуулуктардын ортосунда көп учурда курч маселелер пайда болот. Бул тандоону бир топ татаалдаштырат. Андай болгон күндө да биз көп түрдүүлүктүн уникалдуулук менен өз ара карым катышта болушун, коомчулуктун жыргалчылыгы үчүн эркиндикти пайдалануу, узак мөөнөттүү максаттарга кыска мөөнөттүү милдеттерди аркалоо жолу менен жетишүүбүз керек. Ар бир инсан, үй-бүлө, уюм жана коом жашоо үчүн

c. Биздин коомдун жаштарына туруктуу коомдун калыптанышында таасирлүү ролду ойноoруна мүмкүндүк берүү менен аларды урматтоо жана колдоо.

d. Маданий жана руханий мамиледеги өзгөчө мааниси бар жайларды сактоо жана калыбына келтирүү.

## IV. ДЕМОКРАТИЯ, ЗОМБУЛУКТАН БАШ ТАРТУУ ЖАНА ТЫНЧТЫК

***13. Бардык деңгээлдеги демократиялык институттарды көбөйтүү, чечимдерди кабыл алууда жана акыйкат сотуна катышууга мүмкүнчүлүктү кошокамтып башкаруунун тазалыгын жана отчёт берүүчүлүгүн камсыз кылуу.***

a. Ар бир адамдын ага тиешеси бар же анын кызыкчылыгына төп келген айлана-чөйрөнү коргоо жана бардык план, ошодой эле ишмердүүлүк боюнча түшүнүктүү жана өз маалындагы маалыматты алууга укугун коргоо.

b. Жергиликтүү, аймактык жана глобалдык жаран коомчулугуна колдоо көрсөтүү, чечимдерди кабыл алууга бардык кызыктар адамдарды жана уюмдарды толук кандуу катышуусуна көмөк көрсөтүү.

c. Сөз эркиндигине, тынчтык жолу менен өтүүчү чогулуштарга, ассоциацияларга жана көз караштардын ар түрдүүлүгүнө болгон укуктуу коргоо.

d. Айлана-чөйрөгө болгон зыянды жана ушул өндүү залака тийгизер коркунучтарды кошуп, административдик жана көз карандысыз сот процедураларына катышууга натыйжалуу жана таасирдүү мүмкүнчүлүктөрдү берүү.

e. Бардык мамлекеттик жана менчик түзүмдөрдө паракорчулуктун тамырын жок кылуу.

f. Жергиликтүү коомчулуктарга өздөрүнүн айлана-чөйрөсү тууралуу кам көрүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен аларды чындап жана аларга алган милдеттенмелери натыйжалуу аткарыла турган башкаруу деңгээлиндеги айлана-чөйрөнү коргоо боюнча милдеттенмелерди тагуу.



***14. Туруктуу жашоо мүнөзү үчүн зарыл болгон формалдуу билим берүүнү жана үзгүлтүксүз билим алууну, баалуулуктарды, ошондой эле тажрыйбаларды киргизүү.***

a. Бардык адамдарды, айрыкча балдар менен жаштарды туруктуу өнүгүү үчүн жигердүү жардам бере турган билим алуу мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылуу керек.

b. Искусствого, адабиятка, ошондой эле туруктуулук чөйрөсүндөгү билим берүүгө байланышкан илимге салым кошууга өбөлгө түзүү.

c. Массалык маалымат каражаттарын экологиялык жана социалдык проблемалар жөнүндө кабардар болуусун жогорулатуудагы ролун күчөтүү.

d. Туруктуу жашоо мүнөзү үчүн моралдык жана руханий билим берүүнүн маанисин аңдап түшүнүү.

**15. Бардык жандыктарга урмат жана кайрымдуулук менен кайрылуу.**

a. Адамзат коомунда багылып, өсүп жаткан жаныбарларды кыйроого учуратпай, аларды түрдүү кыйынчылыктардан коргоо.

b. Жапайы жаныбарларды өмүрүн кыйып, тукум курутка алып келе турган аң уулоодон, капкан менен кармоодон же балык уулоодон коргоо.

c. өндүрүш ишмердүүлүгүнүн максатына туура келбеген сейрек кездешүүчү жаныбарларды кыйроого учуратууну жоюу керек.

***16. Сабырдуулук, зомбулуксуздук жана бейкуттук маданиятын калыптандыруу.***

a. Бүткүл адамзаттын ортосундагы, улут ичиндеги жана улуттар аралык түшүнүүчүлүктү, тилектештикти жана кызматташтыкты кеңейтүү жана колдоо.

b. Катуу карама-каршылыктарды алдын алуу үчүн бардыгын өз кучагына камтыган стратегияларды колдонуу жана экологиялык карама-каршылыктарды жана башка талаш-тартыштарды жөнгө салуу жана чечүү үчүн кызматташуу ыкмаларын пайдалануу.

маанилүү роль ойношу керек. Искусство, илим, дин, билим берүү системасы, массалык маалымат каражаттары, иш чөйрөлөрү, өкмөттүк эмес уюмдар жана өкмөттөр – булардын баары жаратмандык жетекчиликти сунуштоого милдеткер. Өкмөттөрдүн, жарандык коомдордун жана иш чөйрөлөрүнүн кызматташтыгы натыйжалуу башкаруу үчүн өтө маанилүү болуп саналат.

Бүткүл дүйнөлүк туруктуу коомчулукту куруу үчүн дүйнө улуттары өз милдеттенмелерин БУУ алдында жаңылоосу керек, колдонуудагы эларалык макулдашуулардын чегинде өз милдеттерин аткаруусу жана Жер Хартиясынын принциптерин айлана-чөйрөнү коргоо жана өнүгүү чөйрөсүндө милдеттүү эларалык укуктук механизмдер менен ишке ашырылышын колдоо керек.

Биздин мезгил жашоого болгон сый-урматты калыбына келтирүү мезгили катары, туруктуулукка жетишүүгө чечкиндүүлүк мезгили катары, адилеттүүлүк жана тынчтык үчүн күрөшкө өбөлгө түзгөн жана **жашоонун шаттанган салтанаттуу мезгили** катары эсте калсын.

Котормо Текшерилди
Бекитилет.
28.01.08.